Кырг
83.8
А 90

Бурул Асакеева

# Дарыгер эжеке



УДК 821.51-93
ББК 83.84
А 90

А 90 Асакеева, Бурул
Дарыгер эжеке / сүрөт. С. Насынбатова. - Б.:
Принт Медиа, 2023. - 8 б.

ISBN 978-9967-495-08-1

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses /by/4.0/) боюнча лицензияланган

http: // creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

34201 б/ф

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ №34201 б/ф

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

ISBN 978-9967-495-08-1

УДК 821.51-93
ББК 83.84

Created with Bloom

Кырг
83.8
А 90

Бурул Асакеева

# Дарыгер эжеке



*Сүрөтчү*
*Светлана Насынбатова*

РБЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

Бишкек 2023



Айгүл балмуздакты өтө жакшы көрөт. Аны үйдөгү атасы, апасы, чоң энеси, чоң атасы билчү.



Бир күнү апасы иштен келе жатып, кызына бир балмуздак алып келди. Айжан кубанды. Кийин атасы да алып келди.

Айжан өтө кубанды. Ал экинчи балмуздакты көрсөтүп, чоң энесине, чоң атасына мактанды.

– Кызым, бул балмуздакты эртең же. Тамагың ооруп калат, – деди апасы.





– Апа, сиз алып келген балмуздак кичинекей болчу. Бул болсо чоң.

– Муздаткычка салып коёлу, эртең жейсиң, – деди апасы.


Апасы менен атасы конокко кетишти. Үйдө чоң энеси, чоң атасы, Айжан үчөө калышты.

Муздаткычтагы балмуздак Айжандын оюнан түк кетпеди…

– Чоң эне-е?.. Мен аябай балмуздак жегим келип жатат.

Чоң атасы чыдабай кетти көрүнөт, муздаткычтагы балмуздакты Айжанга бере салды. Ал балмуздакты тамшанып, жыргап жеп жатты.





Эртеси Айжандын тамагы ооруп калды. Апасы ишине барбай, кызын карап үйдө калды.

Чоң энеси лимон кошулган чай алып келип, жалынып-жалбарып жүрдү. Чоң атасы күнөөсүн билип, ары-бери басып, акыры небересинин жанында отурду.

Айжандын эти ысып, эки бети албырып чыкты.

– Догдурду чакыралы, – деди чоң ата.

– Кимди? – деди Айжан.

– Догдурду чакырбасак болбойт. Этиң ысып жатат.

– Чоң ата, ал мага ийне сайбайбы? – деп сурады Айжан.

– Жок! Сайбайт! Сайдырбайбыз! – деп жооп берди чоң ата.



Көп өтпөй эшик тыкылдады. Аңгыча аппак халат кийген эжеке кирип келди.


– Неберем кечээ балмуздакты көп жеп алып, тамагы ооруп калыптыр.

Дарыгер Айжандын чекесин басып көрдү. Анан дене табын текшерди. Бир аздан кийин тамагын карап көрдү.

– Ангина жок. Бирок тамагы бир аз кызарып турат. Азыр дары жазып берейин, үч маал ичсин. Малина, лимон, карагат кошулган чайдан бере бергиле, – деди дарыгер.

Жакшы болгондон кийин, поликлиникага алып келгиле. Дагы бир ирет текшерип коёлу.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ №34201 б/ф



Айжандын температурасы түшпөй аябай кыйналды. Мектепке да барбай калды. Курбулары менен да ойногон жок.

Ал үч күн төшөктөн турган жок. “Мындан кийин эки балмуздакты катары менен жебейм”, – деп ойлонуп жатты.



РБДЮ
34201 б/ф

Айжандын ата-энеси догдурду кайра чакырууга аргасыз болду. Догдур келип, Айжандын дене табын текшерип, ийне сайды. Дарыларды жазып берди. Айжан эртеси кичине жакшы болуп калды. – Мен да чоңойгондо догдур боломун. Балмуздак көп жеген балдардын тамагын айыктырам, – деди Айжан чоң атасына.

20с

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USDA

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MERCY CORPS

RTI INTERNATIONAL

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) жана АКШнын айыл чарба департаменти (USDA) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен Мерсико (Mercy Corps) жана Рисерч Траэнгл Институт (Research Triangle Institute, RTI) уюмдары тарабынан ишке ашырылып жаткан МакГоверн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» программасынын алкагында басылып чыкты. Китептин мазмуну USAIDдин, USDAдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
*Бурул Асакеева*

*Сүрөтчү*
*Светлана Насынбатова*

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот

«Print Media» ЖЧК-да басылды.
Нускасы 5200